"БЕКИТЕМИН"

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин илимий иштери боюнча проректору э.и.к., доцент Лайлиева Э.Ж.

_______________

«11» май 2017 - жыл.

**Өмүрзакова Чолпон Шайлообековнанын 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу (7-класстын Информатика предметинин мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме болгон Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы, маалыматтар технологиясы жана программалоо кафедраларынын**

## ПИКИРИ

1. **Илимий теманын актуалдуулугу.** Азыркы учурда Кыргыз Республикасында билим берүү системасын реформалоо боюнча мамлекеттик деңгээлде бир топ алгылыктуу иш чаралар көрүлүүдө. Алсак, Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн Концепциясы жана Стратегиясы, Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты кабыл алынып, мектеп практикасында бул багыттарды ишке ашыруу маселеси көтөрүлдү. Кыргыз Республикасында билим берүү натыйжага ориентирленет деп айтылат документтерде. Ал эми натыйжа компетенттүүлүккө негизделет.

Демек, окутуу процессинде окуучунун ээ боло турган натыйжасын алдын ала пландап алуу жана ага карата бүткүл окуу процессин уюштуруу маселеси алдынкы планга коюлуп олтурат. Документтерде окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу менен катар, алардын түйүндүү компетенттүүлүктөрүн дагы калыптандыруу проблемасы

белгиленген. Түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн ичинен окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси Кыргыз Республикасынын окумуштууларын жана изденүүчүлөрүнүн илимий предметтерине айланды. Андыктан, ар кандай өзгөрүүлөргө сын пикирде боло алган, учурдагы социалдык кырдаалдарды түшүнүү менен чөйрөгө ийкемдешип алака түзө алган, ар кандай проблемалардын келип чыгыш себептерин аңдаган жана аларды чече билген, активдүү, ишмер, компетенттүү окуучуларды даярдоо актуалдуу маселелерден болу саналат.

Изденүүчү Ч. Өмүрзакованын бул диссертациялык иши ушул компетенттүүлүктү калыптандырууда маалыматтык технологияларды колдонуу проблемасына арналган. Маалыматтык технологиялар мектептерде коомду маалыматташтыруу жана баштапкы компетенцияларды өздөштүрүүгө багытталган. Азыркы, глобалдашуунун алкагында адамдын компьютердик технологияны колдонуу менен баарлаша билүүсү, тиешелүү коммуникативдүү маселелерди чече билүүсү алдыңкы планга коюлуп олтурат. Изденүүчүнүн аракети толук бойдон колдоого аларлык жана диссертация актуалдуу темага жазылган.

***Изилдөөнүн төмөнкүдөй милдеттери каралган:***

1. Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун өбөлгөлөрүн аныктап чыгуу.

2. «Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маанисин жана билим берүү системасындагы ордун аныктоо.

3. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана методикалык системасын түзүү.

4. Иштелип чыккан методикалык системанын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жол менен текшерүү.

**2. Диссертацияда коюлган илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертацияга коюлган талаптын негизинде КР ЖАКтын окумуштуулук даражаны ыйгаруунун тартиби боюнча жобосунун 2.10. пунктуна ылайык төмөнкүдөй жаңы илимий натыйжалар жана сунуштар алынган:

***1-жыйынтык.*** Автор тарабынан КРдагы мектеп окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселесинин келип чыгышына, анын мектеп практикасында ишке ашышына түздөн түз жол ачып берген төмөндөгүдөй өбөлгөлөрдү түзгөн жагдайлар аныкталган: жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартындагы мектеп окуучуларынын даярдыктарына коюлган талаптар; дүйнөлүк

ааламдашуунун билим берүү системасына тийгизген таасирлери; республикабыздын билим берүү системасында калыптанган көйгөйлөрдү жоюу зарылдыгы; коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруунун адистин жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири. Аталган өбөлгөлөр илимий жактан системалаштырылган жана тиешелүү ыраттуулукта ачылып берилген.

***2-жыйынтык.*** «Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгүн чечмелөө жана анын мектептик билим берүү системасындагы ордун аныктоо маселелери каралып, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун ыкмалары тууралуу адабияттарга талдоо жүргүзүлүп, аларды жакшыртуунун жолдору аныкталган жана ишке ашыруу жолдору конкреттештирилген.

Изденүүчү «социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маанисин чечмелөөдө жана бул түшүнүктүн изилдениш абалын иликтөөдө ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерине жана социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун жолдору тууралуу адабияттарга талдоо жүргүзгөн. Дал ушул компетентүүлүк окуучулардын өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүктөрүн билүүгө, группада иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга, ар кандай социалдык ролдорду аткаруунун жолдорун үйрөнүүгө ык койору ачыкталган.

***3-жыйынтык.*** Педагогикалык шарттарга таянып изденүүчүнүн түзгөн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык системасын иштелип чыккан, муну изденүүчүнүн жаңы илимий жыйынтыгы деп эсептөөгө болот.

***4-жыйынтык.*** Информатика предметин окутуу процессинде маалыматтык технологияны колдонуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен 7-класстын окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык иштин жыйынтыгы иштелип чыккан методикалык системанын жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун тастыктайт.

Изилдөө ишинин натыйжалары илимий-методикалык конференцияларда, илимий методикалык семинарларда апробацияланган. Ошондуктан, изденүүчү тарабынан алынган жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү деп эсептелинет жана илимдин багыты үчүн өзгөчө оң мааниге ээ.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү.**

Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн мазмуну, структурасы, критерийлери, деңгээлдери такталды; изилдөөдө социалдык-

коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун прициптери иликтөөгө алынып, толуктуулук, ишмердүүлүк принциби менен толуктаган жана социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук, мотивациялык, рефлексиялык жана көзөмөлдөөчүлүк функциялары негизделди; негизги мектептин окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык (ресурстук, методикалык, уюштуруучулук) шарттары жана методикалык системасы иштелип чыкты; изилдөөнүн натыйжалуулугу практикалык экспериментте текшерилип, тийиштүү илимий-методикалык сунуштар берилгендиги менен аныкталат.

**4. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Өмүрзакова Чолпон Шайлообековнанын «Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу (7-класстын «Информатика» предметинин мисалында)» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар Кыргызстанда педагогиканын тарыхы жана тарбиялоонун теориясы боюнча илимий билимдердин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептөөгө болот. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин даражасы педагогикалык-эксперименттик иштердин жыйынтыктарын статистикалык негизде анализдөө менен камсыз кылынган, ар бир глава, параграфтарында ички биримдик сакталган. Алынган натыйжалар дагы ички биримдикке жана логикалык ырaатуулукка ээ. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар педагогика илиминдеги теориялык жана методологиялык жоболор аркылуу негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет.

**5. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар:**

– Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандырууда адегенде окуучуларга жана мугалимдерге бул компетенттүүлүк жөнүндө, анын азыркы билим берүү системасындагы ролу тууралуу кеңири маалымат берүү.

– Окутуу процессинде бул компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн системалуу иш аракеттерди (мазмунун иштеп чыгуу, тиешелүү каражаттарды жана методдорду колдонуу) аткаруу керек.

– Окуучуда бул компетенттүүлүктүн калыптанышына мугалим дайыма көзөмөл кылып турушу керек.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келүүсү.**

Ч.Ш. Өмүрзакованын диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефератын мазмунуна дал келет жана анын негизги жоболорун чагылдырат. Диссертация жана автореферат логикалык жактан туура байланышта түзүлгөн. Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси, кыргызча мазмуну менен иденттүү талапка ылайык аткарылган.

**7. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган илимий жоболордун жана натыйжалардын тастыкталышы (апробациясы).**

Изилдөөнүн мазмунуна байланыштуу 22 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен үч макала РИНЦ системасында (Россия, Чехия) басмадан чыгарылган. Автордун илимий-методикалык эмгектери окуу-тарбия процессиндеги педагогикалык кырдаалдар жана аларды чечүү жолдорун калыптандыруунун теориялык жоболорун, ошондой эле практикалык сунуштарын толугу менен өз ичине камтыйт.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана авторефереатта байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Кыргыз Республикасында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу калыптандыруу маселесине арналган изилдөөлөргө дагы тереңирээк көңүл бурулса болмок.
2. Изилдөөдө аталган компетенттүүлүктү калыптандыруунун билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук, рефлексиялык функциялары теориялык жактан так негизделген, практикада мисалдар менен дагы тереңирээк далилденсе жумуш мындан дагы кызыктуу болмок.
3. Изилдөөдө маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу каралып жаткандан кийин, маалыматтык технологиялардын айрым жаңы Интернет каражаттарынын (Облака, вебинар, Web квест, терминал ж.б.) колдонулушу ачыкталса иштин балуулугу дагы жогоруламак.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасир тийгизе албайт. Өмүрзакова Чолпон Шайлообековнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

***Жыйынтык бүтүм:***

Өмүрзакова Чолпон Шайлообековнанын "Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу (7-класстын

Информатика предметинин мисалында)" аттуу темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына толук жооп берет.

Өмүрзакова Чолпон Шайлообековна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий пикир Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы (11-май 2017-жыл, №14 токтому), маалыматтар технологиясы жана программалоо кафедраларынын кеңейтилген отурумунда талкууланып бекитилди.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин жогорку мектептин
педагогика кафедрасынын башчысы
п.и.к., доцент Т.С. Сатыбекова

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин маалыматтар технологиясы
жана программалоо кафедрасынын башчысы
ф-м.и.к., доцент Б.Р. Сабитов

*п.и.к., доцент Т.С. Сатыбекова жана ф-м.и.к., доцент Б.Р. Сабитовдун колун тастыктаймын:*

Ж. Баласагын атындагы КУУнун
окумуштуу катчысы